# Билим сапатынын мониторинги.

**2017 – 2022-ж. Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин окуучулардын саны:**

| Окуу жылы | Окуучулардын саны |
|---|---|
| 2017\2018 | 190 |
| 2018\2019 | 193 |
| 2019\2020 | 202 |
| 2020\2021 | 201 |
| 2021\2022 | 198 |




## 2. Окуу процессинин абалын жана билим сапатын талдоо.

Мектепте билим берүү Базистик окуу планына ылайык жүргүзүлдү. Бардык окуу сабактар боюнча билим берүү программалары ишке ашырылды. Бир жылдын ичинде билим берүү мектептин администрациясы программалык материалдын өтүшүнө мектеп ичиндеги көзөмөл жүргүзүлдү.

Мектепте төмөнкү предметтер боюнча администрация тарабынан мониторинг жүргүзүлдү: башталгыч класстар, кыргыз тили, орус тили,

англис тили, математика, физика. Билим деңгээлин текшерүүлөрдүн жыйынтыгы жыл ичинде пед.кенешмеде каралды


Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектептин окуучулары тарабынан жалпы билим берүү программаларынын өздөштүрүүсүн талдоо:
2021-2022-окуу жылынын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча билим сапаты 42,4% түздү;
- 2021-2022-окуу жылынын 2-чейрегинин жыйынтыгы боюнча билим сапаты - 45%;
- 2021-2022-окуу жылынын 3-чейрегинин жыйынтыгы боюнча билим сапаты 46,7% түздү;
- 2021-2022-окуу жылынын 4-чейрегинин жыйынтыгы боюнча билим сапаты 46,2% түздү

2021-2022-окуу жылынын аягында окуучулардын контингенти 198 окуучуну түздү, анын ичинен:
Эң мыкты окугандар – 33
жакшы окугандар – 44
жетише албагандар - жок;
аттестацияланбагандар - жок.

Ошентип, Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин жетишүү деңгээлинин орточо көрсөткүчү 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча 100%, ал эми билим сапатынын көрсөткүчү 46.6% түздү.

Жыл жыйынтыгында билим сапаты төмөндөгүдөй көрсөткүчтөргө ээ болду.

| № | класстар | 2017/ 2018 | 2018/ 2019 | 2019/ 2020 | 2020/ 2021 | 2021/ 2022 | динамика |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2-класс | 58,8 | 55,5 | 47 | 61 | 61,5 | +0,5 |
| 2 | 3-класс | 40 | 53,3 | 40 | 46,6 | 47,3 | +1,3 |
| 3 | 4-класс | 45 | 45,3 | 68,7 | 45 | 50 | -5 |
| 4 | 5-класс | 45,6 | 47,6 | 46,4 | 40 | 40 | |
| 5 | 6-класс | 46,6 | 42,2 | 52,6 | 34,4 | 58,8 | +24,4 |
| 6 | 7-класс | 31 | 40 | 45,4 | 38 | 30 | -8 |
| 7 | 8-класс | 21 | 30 | 40 | 28 | 33.3 | +5,3 |
| 8 | 9-класс | 33,5 | 21 | 36,8 | 33 | 27,2 | -5.8 |
| 9 | 10-класс | 50 | 30,7 | 35,7 | 31 | 54.5 | +23,5 |
| 10 | 11-класс | 55,5 | 66,6 | 41,6 | 35,7 | 43.7 | +8 |
| 11 | жыйынтыгы | 45,3 | 43,2 | 45 | 39,5 | 46.6 | +7,1 |
| 12 | окуучулардын саны | 190 | 193 | 202 | 201 | 198 | -3 |




Мектеп окуу жылында 11 класс-комплект менен белгиленген иш-чаралар боюнча окуу-тарбия иштери жүргүзүлдү.
Төмөнкүдөй тартипте класстар топтолду:
Даярдоо класс 15 окуучу муг: Аскарбекова Н.
1-класс 16 окуучу муг: Калыгулова Э.С.
2-класс 17 окуучу муг: Бообекова Н.Ж.
3-класс 15 окуучу муг: Аманкулова А.М.
4-класс 20 окуучу муг: Бейзеева Ж.К.
5-класс 15 окуучу муг: Бейшебаева З.Т.
6-класс 29 окуучу муг: Койчукенова Ч.К.
7-класс 21 окуучу муг: Айдаркулова А.Н.
8-класс 22 окуучу муг: Каданбаева А.К.
9-класс 16 окуучу муг: Бектурова С.К
10-класс 16 окуучу муг: Кыдырмаева Д.М.
11-класс 14 окуучу муг: Шералиева В.Э.

**3.Окуу процессине анализ.**

2021-2022-окуу жылында окуу процесси мектептин ички көзөмөлүнүн негизинде жүргүзүлдү.

Сентябрь айында өткөн окуу жылына анализ берилип,жаңы окуу жылына пландар кабыл алынды. Предметтик мугалимдер толукталып, сааттар бөлүштүрүлдү.Мектепте кыргыз тилинде окутуучу жаңы билим берүү үчүн

2021-2022-окуу жылына карата кабыл алынган базистик окуу планы боюнча план түзүлдү.

2021-2022-окуу жылына карата 1-4-класстар үчүн 90 саат, 5-9-класстар үчүн 147 саат, 10-11-класстар үчүн 60 саат, жалпы 297 саат мугалимдерге бөлүштүрүлүп берилди. Сааттарга ылайык сабак жүгүртмөсү түзүлүп, окуу процесси башталды.

Жаңы окуу жылында окуучулардын билим деңгээлин көтөрүү максатында жаңы милдеттери кабыл алынды.

2021-2022-окуу жылында мугалимдер төмөнкүдөй милдеттердин үстүндө иштешти.

-башталгыч классында окуп, түшүнүүсүнүн үстүндө иштөө

-башталгыч класстардын кол жазмасынын үстүндө иштөө

-ар бир сабакта окуучулардын сүйлөө речин өстүрүү

-башталгыч класстан баштап окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүнө көңүл буруу

-окуучулардын кол жазмасына көңүл буруу

-жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруу

-райондук олимпиадаларга окуучуларды даярдоо

-11-класстын окуучуларынын билим деңгээлин көтөрүү менен ОРТ га даярдоо

-математикалык багыттагы предметтерди окутууну колго алуу

-физика, химия сабактарынан лабораториялык иштерди жүргүзүүнү колго алуу

-орус жана чет тилдеринде эркин сүйлөөгө үйрөтүү

-тарых, география, биология сабактарында окуп түшүнүүсүнүн жана алган билимдерин практикада колдоно билүүсүнүн үстүндө иштөө

-кол эмгек, көркөм өнөр, музыка сабактарында балдардын чыгармачылыгын арттыруу

-кыргыз тил, адабият сабактарында эне тилин билүүгө,элинин маданиятын ардактоого үйрөтүү

Окуу процесси ички көзөмөлдүн негизинде жүргүзүлүп, ай сайын предметтер боюнча сабактардын өтүлүшү текшерилип турду. Предметтик декадалар, семинар-тренингдер,ачык сабактар, конкурстар өтүлүп турду.

Жыл ичинде чейрек сайын административдик текшерүү иштер, жат жазуулар, тесттер алынып, аларга анализ берилип, кайрадан текшерилип

жатты. Бул срездин жыйынтыгы боюнча ар бир предметтен 28% тен 38% ке чейинки көрсөткүчтү берген.

Даярдоо классынын 15 окуучусу, 1-класстын 16 окуучусу аттестатцияланган жок. Окуучулар 1-11 –класстар окуу китептери менен камсыз болушкан 80% ды түздү.

Жетишпеген окуу китептери:

Башталгыч класстарда: Музыка, англис тили , математика, адабий окуу, кыргыз тили.

Русское слово 5-класс, дүйнө тарыхы, Кыргызстан тарыхы 6-класс, русская литература 7-класс , англис тили -8-9-класс.

Окуу усулдук-колдонмолорду колдонуу менен сабактарга даярданышып, жогорку деңгээлде өтүүгө аракеттеништи. Атап айтканда ачык сабактардын графиги түзүлүп , өз убагында өтүлүп жатты. Бардык мугалимдер 2-4 ачык сабак өтүштү. Мугалимдер сабактарда окутуунун жаңы технологиялык ыкмаларды колдонуу жана аны ишке ашырууну көздөп, иштөөгө аракеттеништи. Башталгыч класстын мугалимдери Бейзеева Ж.К, Бообекова Н.Ж, Аманкулова А.М. Калыгулова Э.С. окуучуларды «окуу керемет» долборунун негизинде ар кандай стратегияларды колдонуп сабак өтүп жатышты. Бул жакшы жыйынтык берди десем жаңылышпайм.
Анткени класстагы окуучулардын окуусу, тартиби жана өзүн-өзү башкаруу ситемасы жогорку деңгээлде. Мугалимдер өздөрүнүн иштерине педагогикалык алдыңкы тажрыйбаларды жана окутуунун жаңы технологияларын колдонуу менен өтүүнү системага киргизип алышты.
ЖРББ бөлүмүнүн жетектөөчү адиси Урунпаша Абибиллаевна аталган 3 мугалимдин сабагына байкоо жүргүзүп Республикалык жыйынтык семнарына 2 мугалим тандалып алынып, Полтавка орто мектебине Аманкулова Адина мекен таануу сабагынан ачык сабак, Бейзеева Жанара «BaalooApp» прогаммасы боюнча окуу үйрөтүм жогорку деңгээлде өтүштү.
Калыгулова Э.С. МКТ каражаттарын колдоно албаганына байланыштуу сабактарга катыша алган жок.

**1-класс**

**Класс жетекчи: Калыгулова Э.С.**

1-класста 16 окуучу окуйт. 16 окуучу алипеден шар окуп калышты, окуй албаган өтө начар окуучулар жок. Математикадан 1-20 чейинки сандарды кошуп, алып өз алдынчаэки амалдуу маселе иштей алышат. Жазуудан кол жазмалары көпчүлүгү оңолуп калды. Начар жазган окуучулар да бар

**«Эң жакшы»** окуган 6 окуучу – 37,5% .Алипеден шар окушат,20 ичиндеги сандарды алып-кошот, өз алдынча эки амалдуу маселелерди иштей алышат, жат жазууну 5 ке жазышат, коллиграфиялары эң жакшы.

**«Жакшы»** окуган окуучулар – 7 окуучу -43,75%. Алипеден муундап шар окушат 20 ичиндеги сандарды алып-кошот, жат жазууну 4 кө жазышат, коллиграфиялары жакшы.

**«Орто»** окуган окуучулар – 3 окуучу 18,75%. Алипеден тамгаларды таанышат, ташымалдап жай окушат, кошуу- кемитүүдө жардам менен иштешет, жат жазууну 3 кө жазышат, коллиграфиялары начар.

Жыл ичинде начар өздөштүргөн окуучулар менен жекече иш алып барылды. Окуу сабагынан кошумча сабактар өтүлүп жатты, жыйынтыгында окуучулар шар окуп, түшүнүктөүн айтып берүүгө жетишишти. Кол жазмаларына көп көңүл бөлүндү. Көрүү, угуу жат жазууларды көп жазышты. Математикадан өз алдынча мисалдарды, эки амалдуу маселелерди, барабардык барабарсыздыктарды жакшы түшүнүп иштеп калышты, таблицаларды толтуруп иштөөгө көнүгүштү.

Математикадан ачык саат өтүлдү. Апалар күнүнө арналган 7-мартта «Алтан апам» аттуу тарбиялык саат өтүлдуү. 13-майда алиппе менен коштошуу «Кош бол алиппе» адабий музыкалык кече өтүлүдү.

Окуу жылынын башында 1-класска 15 окуучу кабыл аланган, 2-чейректин башында 1 эркек бала кетип,1 кыз келди.3-чейректин башында бир кыз келди.3-чейректи 16 окуучу аяктады. 5 эркек бала,11 кыз.

**2-классы**

**Класс жетекчи: Бообекова Н.Ж.**

2-класста 13 окуучу окуйт. Билим сапаты 61.5% түзөт

| № | Предметтер | 3 - чейрек | 4 - чейрек | Жылдык |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 69.2 | 76.9 | 76.9 |
| 2 | Адабий окуу | 69.2 | 76.9 | 76.9 |
| 3 | Орус тили | 69.2 | 69.2 | 69.2 |
| 5 | Математика | 69.2 | 69.2 | 69.2 |
| 6 | Мекен таануу | 100 | 100 | 100 |
| 7 | Музыка | 100 | 100 | 100 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | Дене тарбия | 100 | 100 | 100 |
| 9 | Сүрөт | 100 | 100 | 100 |
| | Жалпы билим сапаты | 67.5 | 76.9 | 7<br>6.9 |
| | | | | |




**Жыйынтык:** Класстагы окуучуулардын саны-13. 5 кыз 8 бала. Окуучулар жалпысынан активдүүлүгү начар. Өз ойлорун кенен айта алышпайт.. Тартиптери жакшы. Коомдук иштерге активдуу катышышат. Бир «3» бар Джумакадырова Айпери математика сабагынан, Мукамбетов Азим жазуу сабагынан. Сабакты начар өздөштүргөн окуучулардын ата-энеси менен мугалим тыгыз байланышта.

Мугалимге эскертүүлөр берилген. Окуу тездиги боюнча эң жакшы көрсөткүчтү берген 72,3% ды түзгөн. Шар окуган окуучулар дээрлик басымдуулук кылат. Окуучулардын түшүнгөнүн айтып берүүсүнө жетишүү зарыл. Тамгалап окуган 2 окуучунун үстүндө иш алып баруу керек. Мугалим баалардын топтолусуна көңүл буруу керек. Жалпысынан класс жакшы.

**Жылдын жыйынтыгы менен төмөнкүдөй сунуш берилген:**

1.Бардык фундаменталдык предметтерден жана адабий окуудан окуучуларды шар,көркөм окуп,үн кубултуп окуу менен текстин мазмунун түшүнүүгө, алган билимдерин турмушта колдоно билүүгө тарбиялоо. Кошумча адабияттарды пайдаланууга үйрөтүү.

2.Жакшы окуган окуучуларды начар окуган окуучуларга көмөктөшүүгө тарбиялоо.

3. Баалардын топтолушуна көңүл буруу.

**3-класс**

**Кл.жетекчи:   Аманкулова А.М.**

3-класста 19 окуучу окуйт. Билим сапаты – 61.1% түзөт

| № | Предметтер | 1 - чейрек | 2 - чейрек | 3 - чейрек | 4 - чейрек | Жылдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 77.7 | 76 | 61.1 | 52.6 | 66.8 |
| 2 | Адабий окуу | 77.7 | 82 | 83.3 | 78.9 | 80.4 |
| 3 | Орус тили | 77.7 | 82 | 77.8 | 57.8 | 73.8 |
| 5 | Математика | 83.3 | 88 | 72.2 | 57.8 | 75.3 |
| 6 | Англис тили | 83.3 | 82 | 83.3 | 73.6 | 80.5 |
| 7 | Мекен таануу | 83.3 | 82 | 66.7 | 63.1 | 73.7 |
| 8 | Музыка | 100 | 100 | 77.8 | 78.9 | 89.1 |
| 9 | Дене тарбия | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| 10 | Сүрөт | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| | Жалпы билим сапаты | 61.1 | 69 | 63.8 | 66.2 | 73.9 |




**Жыйынтык:**

Чейрек башында 17 окуучу. Чейректин аягында Тойгонбаева Адеми келди. 4-чейректи 18 окуучу бүттү. Окуучулардын жетишкендиктери жакшы. Тартиптери жакшы. Бир 3 бар окуучулар Болотбеков Нурөөлөт кыргыз тил сабагынан , Базаркулова Айсулуу кыргыз тил сабагынан , Тамаева Зулайка

математика сабагынан. Ата-энелери менен сүйлөшүү иштери жүргүзүлдү. Окуучулар менен иштейбиз, даярданабыз балдарды карайбыз деп айтышты. Окуучулар коомдук иштерге активдүү катышышат. Мугалим бааларды көтөрмөлөм койгондуктан предметтер боюнча билим сапаты жогору болуп калган.

**СУНУШ:**

1. Жазуу иштерин сапатуу алуу, сапаттуу текшерүү.Кол жазмаларын оңдоонун үстүндө ишти күчөтүү.
2. Жөндөмдүү окуучулар менен жумасына 2 сааттан кошумча сабакты үзгүлтүксүз өтүү.
3. Начар өздөштүргөн окуучулар менен график боюнча көбүрөөк иш алып баруу керек
4. Бааларды салмактуу коюу

**4-класс**

**Класс жетекчи: Бейзеева Ж.К.**

4-классында 16 окуучу окуйт**,** билим сапаты – 50% түзөт.

| № | Предметтер | 1 - чейрек | 2 - чейрек | 3 - чейрек | 4 - чейрек | Жылдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 53.3 | 53.3 | 56,3 | 63 | 63 |
| 2 | Адабий окуу | 66.6 | 80 | 75 | 81 | 81 |
| 3 | Орус тили | 46.6 | 50 | 56,5 | 69 | 69 |
| 5 | Математика | 66.6 | 73 | 75 | 69 | 69 |
| 6 | Англис тили | 60 | 60 | 50 | 56 | 56 |
| 7 | Мекен таануу | 73.3 | 86 | 81.3 | 81 | 81 |
| 8 | Музыка | 100 | 100 | 87.3 | 100 | 100 |
| 9 | Дене тарбия | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| 10 | Сүрөт | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
|  | Жалпы билим сапаты | 66.6 | 70.3 | 59,41 | 66.6 | 66.6 |




**Жыйынтыгы:**

Таблицада көрсөтүлгөндөй бардык фундаменталдык предметтерден билим сапатты 59,41% түзгөн. 4-чейрек ичинде кыргыз тили, математика предметтеринен административдик жазуу иштери жана окуу тездиги алынган. Окуу тездиги 75% менен жогорку көрсөткүчтү бере алган. Кыргыз тилинен кол жазмаларынын үстүндө кошумча жазуу алып барылып, текшерүүдөн кийин чейрек аягында динамикасы 7,8ге көтөрүлгөн. Математика сабагына окуучулар абдан кызыгышат. Окуучулар таблица, тесттер менен көп иштешти. 4-чейрек боюнча 6 отличник, 2 ударник жана эки окуучу,Макенбаев Раатбек , Мамбетов Нурадил англис тили жана орус тили предметтеринен 4 чыгып калган. Англис тили предметинен кыйналышат. Ата-энеси менен түшүндүрүү иштер жүргүзүлдү. Класста 10 эркек бала жана 6 кыз бала. Окуучулар өз ойлорун жакшы айтып бере алышат. Класстын эркек балдардын тартиптери начар.

**СУНУШ:**

1. Класста эң жакшы окуган окуучуларга жумасына кыргыз тили жана адабий окуудан 1 сааттан кошумча сабак өтүү.
2. Жетишпеген окуучулар менен сабактан тышкаркы учурда кошумча сабак өтүү менен билим деңгээлин жогорулатуу.
3. Резервдеги окуучулардын жетишүүсүнө жардам берүү.
4. Ата-эне менен тыгыз байланышта болуу.


.

**5– класс**

**Мугалим: Бейшебаева З.Т**

5-класста _20 окуучу окуйт. Билим сапаты – 38 %түзөт

| **№** | **Предметтер** | **1 - чейрек** | **2 - чейрек** | **3 - чейрек** | **4 - чейрек** | **Жылдык** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 61% | 68% | 71% | 85% | 80% |
| 2 | Кыргыз адабияты | 71% | 77% | 76% | 75% | 90% |
| 3 | Орус тили | 61% | 68% | 71% | 65% | 65% |
| 4 | Орус адабияты | 61% | 72% | 80,9% | 85% | 80% |
| 5 | Математика | 61% | 54% | 52% | 60% | 60% |
| 6 | Информатика | 57% | 63% | 61,9% | 60% | 65% |
| 7 | Тарых | 66% | 63% | 66% | 65% | 75% |
| 8 | Адам жана коом | 66% | 72% | 57% | 75% | 70% |
| 9 | Табият таануу | 71% | 72% | 80,9% | 85% | 80% |
| 10 | Англис тили | 33% | 45% | 61% | 65% | 60% |
| 11 | Сурот | 80% | 90% | 90% | 95% | 95% |
| 12 | Музыка | 95% | 95% | 80,9% | 70% | 80% |
| 13 | Эмгек | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| 14 | Дене тарбия | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| | Жалпы билим сапаты | 70% | 74% | 74,9% | 77,5% | 78,5% |




**Жыйынтык:.**

2021-2022-окуу жылында 5-класска 21 окуучу кабыл алынган.Алардын ичинен 11кыз,10эркек бала.Окуу жыл ичинде окуучуларыбыздын алдыга койгон негизги максаттарынын бири терең билим алуу, сабактарды толук

өздөштүрүүгө аракеттенүү,окуу жылын ийгиликтүү аяктоо эле.II чейректе Абдылдаева Карина үй шартына байланыштуу кеттип,ошол эле чейректе Кудайбергенов Микаил келди.III чейректе Тепшибеков Шаамырза да кетти.2021-2022-окуу жылында 20 окуучу аяктады.

Алдыга коюлган максаттарга жетишүү үчүн жалпы класс менен бирдикте класстык чогулуш жасап,класстагы өзүн-өзү башкаруу түзүмүн түзүп,бирдикте иш алып баруу тууралуу сүйлөшүлдү.Класстагы өзүн-өзү башкаруу түзүмүнө төмөнкү окуучулар шайланышты.

Президен: Саламатов Данил
Окуу сектору: Джекшенбекова Фатима
Тазалык сектору: Абдыкулова Набира
Маданий сектору:Орумбеков Байсал
Дене тарбия сектору: Амангелдиев Атай

Ошондой эле тазалык-бул адамдын жашоосундагы негизги касиеттердин бири экендиги баарыбызга маалым. Андыктан ар дайым таза жана тыкан,кабинеттердин тазалыктарын таза кармап туруууда окуучулардын тобунан дежурствонун тизмеси түзүлүп, жума сайын уборка жасатылып турду. Жолдо жүрүүнүн эрежеси боюнча окуучуларга түшүнүк берилип, «Мектеп-үй» маршрутунун схемасы чийилип,күндөлүктөрүнүн акыркы бетине сактап коюу эскертилди.

Окуу жылы ичинде окуучулардын аракеттери текке кеткен жок.Коомдук иштерге активдүү катышуу жана тазалык,тартип боюнча иш жүргүзүүдө көп аракеттерди жумшашты.

I чейректе: 5 отличник,1ударник б/с 28,5%
II чейректе: 5 отличник, 1ударник б/с 28,5
IIIчейректе: 3отличник,6 ударник б/с 38%

IV чейректе: 3 отличник,5 ударник б/с 40% түздү. Жылдын жыйынтыгы боюнча 3 отличник,6 ударник болуп,окуу жылын ийгиликтүү аякташты. Окуу жылы ичинде бир сабактан «3»алып,ударникке жетише калбай калган окуучулар менен өз ара сүйлөшүлдү. Жайлообеков Б.(кыргыз тили) Амангелдиев А.( орус тили) Эгембердиев Э. (орус тили) Буйруса кийинки жылы жакшы аракеттенишсе, ийгиликтерге жетишебиз деп ишенем.Жалпысынан алганда класс ичиндеги окуучулар тарабынан тартип бузуулар болгон жок. Окуучуларыбыз сабак менен гана чектелип калбастан, мектептеги жана класстагы уюштурулган иш- чараларга активдүү катышып, балдар тобунан уюшулга « Мурас» тобу мыкты бий көрсөтүп, окуучулардын кулпуруна толду. Андан сырткары Ч.Айтматовдун туулган күнүнө арналган декадада «Эрте келген турналар» чыгармасынан үзүндү сахналаштырып бийик деңгээлде өтө алышты.

Мектепте өтүлүп жаткан англис тили, орус тили,техника жумалыгында активдүүлүгүн көрсөтүшүп, Аблаев А. Амангелдиев А. макеттерди

жазашып,грамота менен сыйланышты.Англис тили боюнча жумалыкта 5-класстын окуучулар өздөрүнүн өнөрлөрүн көрсөтүп, жомок аткарып беришти.

Албетте, «аракет болбосо, берекет кайдан болмок эле?» дегендей аракеттенүү изденүү ынтымак жакшы өбөлгө түзөт эмеспи, андыктан класстын ата-энелер комитети да үзүрлүү эмгектерин жумшап келишти. Жылдын жыйынтыгы боюнча 5-класс «Мыкты класс» жана класс жетекчиси Бейшебаева Зарина Туганбековна « Мыкты класс жетекчи» наамы менен сыйланышты.

**СУНУШ:**

1. Ар бир предметтен предметтик мугалимдер чыгармачыл сабакты тех.каражаттардын жардамы менен өтүү.
2. Жазуу иштерин сапаттуу алуу, сапаттуу текшерүү, грамматикалык жана орфографиялык каталарына өзгөчө көңүл буруу.
3. Класстагы таланттуу, жетишпеген окуучулар үчүн кошумча сабактарды өтүү.

**6 – класс**

**Кл.жетекчи: Койчукенова Ч.К.**

6-класста __17__окуучу окуйт. Билим сапаты 58,8 % түзөт

| № | Предметтер | 1 - чейрек | 2 - чейрек | 3 - чейрек | 4 - чейрек | Жылдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 82% | 93% | 88% | 88% | 88% |
| 2 | Кыргыз адабияты | 88% | 93% | 88% | 88% | 88% |
| 3 | Орус тили | 64% | 75% | 70% | 70% | 70% |
| 4 | Орус адабияты | 64% | 75% | 70% | 70% | 70% |
| 5 | Математика | 52,9% | 75% | 70% | 70% | 70% |
| 6 | Информатика | 64% | 68% | 82% | 82% | 82% |
| 7 | Тарых | 64% | 93% | 100% | 94% | 94% |
| 8 | Адам жана коом | 76% | 93% | 94% | 94% | 94% |
| 9 | География | 88% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| 10 | Эмгек | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| 11 | Музыка | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| 12 | сүрөт | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| 13 | Англис тили | 64% | 62% | 76% | 76% | 76% |
| 15 | Дене тарбия | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жалпы билим сапаты | 73,7% | 81% | 82% | 82,1 | 82,1% |




**Жыйынтык:** 6-класстан 4- чейректи 17 окуучу аяктады. Анын ичинен 8 кыз, 9 эркек бала. Класста отличниктердин саны-4 ударниктер-6. Сабактардан жетише албаган окуучулар жок. Окуучулардын сабакка жетишүүсү жакшы, коомдук иштерге кызыгуу менен катышышат. Бир «3» бар окуучулар жок. Бир «4» бар музыка сабагынан Сейткулов Кутманбек. Бул чейректе 3-чейрекке салыштырмалуу билим сапатынын төмөнөдөшү Асылбеков Ариеттин орус тили, адам жана коом, музыка сабактарынан чейректик баалары төмөндөгөнүнө байланыштуу. Класстын окуучулары активдүү. Мугалим аракетчил. Ата-энелер менен жакшы иш алып барылды. 2021-жылдын сентябрь айында 6-класска 17 окуучу кабыл алынды.Анын ичинен 10 бала 7 кыз. Аталган класс жыл бою көптөгөн жетишкендиктерге жетишишти. Мектепте өздөрүн жакшы алып жүрүштү.Ошондой эле сабактарга, мектептеги иш-чараларга. коомдук иштерге, ар түрдүү кароо сынактарга, жумалыктарга, мектептин сыртынан бөлүнгөн аянтчаны тазалоого эң мыкты катыша алышты. Алсак,1-чейректин ичинде болуп өткөн «Жолдо жүрүү эрежесин сакта!», «Берекелүү күз» аттуу кароо сынактарда 2-орундарга ээ болушту.

Балдардын аң сезимин өстүрүү, патриоттук сезимдерин күчөтүү максатында 6-декабрь куну 4,6,7 класстар класс жетекчилердин коштоосунда Тарых музейине барып келишти

**Сунуш:**

1. Ар бир предметтен  предметтик мугалимдер чыгармачыл сабакты техкаражаттардын жардамы менен өтүү.
2. Жазуу иштерин сапаттуу алуу, сапаттуу текшерүү, грамматикалык жана орфографиялык каталарына өзгөчө көңүл буруу.
3. Класстагы таланттуу, жетишпеген окуучулар  үчүн кошумча сабактарды өтүү.

**7– класс**

**Класс  жетекчи Айдаркулова А.Н**

7-класста  30-окуучу  окуйт. Билим  сапаты - 54  %  түзөт

| **№** | **Предметтер** | **1 - чейрек** | **2 - чейрек** | **3 - чейрек** | **4 - чейрек** | **Жылдык** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 50% | 50% | 46% | 43% | 46% |
| 2 | Кыргыз адабияты | 46% | 43% | 36% | 46% | 46% |
| 3 | Орус тили | 56% | 50% | 56% | 60% | 66% |
| 4 | Орус адабияты | 53% | 50% | 60% | 60% | 66% |
| 5 | Алгебра | 43% | 53% | 43% | 50% | 53% |
| 6 | Информатика | 56% | 46% | 41% | 46% | 46% |
| 7 | Геометрия | 60% | 50% | 50% | 60% | 60% |
| 8 | Тарых | 63% | 46% | 66% | 51% | 51% |
| 9 | Физика | 46% | 43% | 36% | 40% | 40% |
| 10 | География | 56% | 56% | 60% | 51% | 51% |
| 11 | Биология | 46% | 56% | 63% | 40% | 40% |
| 12 | Англис - тили | 43% | 36% | 36% | 36% | 36% |
| 13 | Музыка | 76% | 76% | 56% | 100% | 63% |
| 14 | Технология | 100% | 76% | 100% | 100% | 100% |
| 15 | Дене - тарбия | 100% | 96% | 96% | 100% | 100% |
|  | Жалпы билим сапаты | 73% | 73% | 75% | 57% | 54% |



Жыйынтык:

Класста бардыгы 30 окуучу ,17 кыз бала жана 13 эркек бала.. 4 – чейрек боюнча класс 57% ээ болушту.

Мурунку чейрекке салыштырмалуу пайыз төмөн. Өзгөчө кыргыз адабияты жана англис тили . Англис тили мугалими менен сүйлөшкөндө англис тили китебинин жетишсиздиги жана балдардын кыйналуусу болду деди. Ал эми адабият мугалими айтуусунда ырды жатташпайт

Физика мугалими формулалардан кыйналуусун айтышты жана окуучулар даярданбай келет деген түшүндүрмө берди.

4 – чейректе окуучулар көптөгөн ийгиликтерге жетишишти.

Класста 6 отличник жана 3 ударник болду. Чейректин аягында 30% билим сапатына ээ болушту. 7 – класс декабрь айында Бишкектеги жаңы ачылган «Тарых» музейине, улуу полководец М.В.Фрунзенин музейине барып эс алып келишти. Апрель айында окуучулар Кара – Балта шаарна «Жайыл районунун күзөт бөлүмүнүн- Акынбай Сабыркожоевич» атындагы музейине экскурсияга барып келдик Максаты : Окуучулардын Ата – Мекенди сүйүүгө , эл жерин барктоого жана патриоттуулукка болгон көз караштарын калыптандыруу болгон.

1 – июнда «Балдарды коргоонун эл аралык күнүнө» карата окуучулар «Эки кыйын» деген куурчак театрынын коюшту. Окуучулар көңүлдөрүн көтөрүп жогорку деңгээлде кабыл алышты. Андан тышкары көптөгөн тарбиялык иш чараларды өткөрдүк. Окуучулар коомдук иштерге активдүү катышышат жана жоопкерчиликтүү.

9- июнь «Акыркы коңгуроо» майрамында директор тарабынан коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн АРДАК грамота менен сыйланышты. Ошондой эле класстын президенти Тороканова Сезим класста эң мыкты окуучу жана Аккойлмева Асема класстын мыкты алып баруучусу активист катары бааланып директор тарабынан грамота жана сыйлыктар менен сыйланышты . Бул биз үчүн сыймык.

Жылдын аягында класста 6 отличник жана 3 ударник болду .

Мурунку чейректерге салыштырмалуу отличник жана ударник окуучулардын саны төмөндөдү.

Окуучуларга чейрек угузуп, жайкы каникулда жакшы эс алууларын эскертип каникулга кетишти.Ата- энелер , окуучулар жана мугалимдин ортосунда «Жайкы эс алуу боюнча келимшим түзүлүп, түшүндүрүү менен

иш алып барып кол коюлду.

**Сунуш:**

1. Ар бир предметтен предметтик мугалимдер чыгармачыл сабакты техкаражаттардын жардамы менен өтүү.

2. Класстагы таланттуу, жетишпеген окуучулар үчүн кошумча сабактарды өтүү.

**8– класс**

**кл.жетекчи: Каданбаева А.К**

8-класста 18_окуучу окуйт. Билим сапаты - _48%_ түзөт

| **№** | **Предметтер** | **1 - чейрек** | **2 - чейрек** | **3 - чейрек** | **4 - чейрек** | **Жылдык** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 52% | 44% | 38% | 50% | 50% |
| 2 | Кыргыз адабияты | 31% | 33% | 33% | 50% | 33% |
| 3 | Орус тили | 47% | 50% | 55% | 44% | 44% |
| 4 | Орус адабияты | 52% | 55% | 55% | 44% | 55% |
| 5 | Алгебра | 47% | 40% | 33% | 44% | 33% |
| 6 | Инфарматика | 52% | 44% | 44% | 44% | 44% |
| 7 | Кыргыз тарыхы | 47% | 50% | 55% | 50% | 50% |
| 8 | География | 52% | 33% | 55% | 44% | 55% |
| 9 | Биология | 57% | 55% | 50% | 44% | 44% |
| 10 | Физика | 36% | 38% | 44% | 44% | 44% |
| 11 | Англис тил | 42% | 55% | 55% | 38% | 38% |
| 12 | Геометрия | 57% | 55% | 44% | 44% | 38% |
| 13 | Тарых (комп) | 50% | 50% | 44% | 61% | 55% |
| 14 | Чийуу | 47% | 55% | 44% | 50% | 55% |
| 15 | Дене тарбия | 100% | 94% | 100% | 100% | 100% |
| 16 | Химия | 33% | 38% | 38% | 38% | 38% |
| 17 | Жалпы билим сапаты | 50% | 49% | 49% | 49% | 48% |




**Жыйынтык : 8-класста 4-чейректе 18 окуучу аяктады. Анын ичинен 7 кыз, 11 эркек бала. Класста отличниктердин саны-2, ударниктер -4.Сабактардан жетише албаган окуучулар жок. Сабактарда бир «3» бар окуучулар жок. 4-чейректин билим сапаты 48% түздү. Окуу жылдын башында 20 окуучу болгон 18.10.21 Акматова Элина үй шартына байланыштуу Полтовка мектебине кетти. Экинчи чейректин башында 15.11.21. Саматов Эрик Кара Балта шаарындагы №11 мектепке кетти. Окуучулардын көпчүлүгү гуманитардык предметтерден жетишпейт, себеби өз ойлорун толук айтып бере алышпайт.**

**9 – класс**

**Кл.жетекчи: Бектурова С.К.**

9-класста ____окуучу окуйт. Билим сапаты -27.2 % түзөт

| **№** | **Предметтер** | **1 - чейрек** | **2 - чейрек** | **3 - чейрек** | **4 - чейрек** | **Жылдык** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 56 | 68 | 54 | 68 | 63 |
| 2 | Кыргыз адабияты | 56 | 59 | 50 | 54 | 54 |
| 3 | Орус тили | 61 | 59 | 72 | 68 | 54 |
| 4 | Орус адабияты | 65 | 73 | 68 | 63 | 63 |
| 5 | Алгебра | 48 | 55 | 54 | 50 | 50 |
| 6 | Геометрия | 59 | 59 | 50 | 50 | 54 |
| 6 | Информатика | 69 | 55 | 68 | 68 | 68 |
| 7 | Тарых | 48 | 45 | 50 | 63 | 50 |
| 8 | Чийүү | 69 | 68 | 68 | 68 | 68 |
| 9 | География | 69 | 68 | 68 | 68 | 68 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 10 | Биология | 60 | 68 | 63 | 59 | 68 |
| 11 | Химия | 56 | 68 | 59 | 54 | 63 |
| 12 | Физика | 56 | 50 | 54 | 63 | 59 |
| 13 | Англис тили | 39 | 32 | 40 | 43 | 43 |
| 14 | Дене тарбия | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |




**Жыйынтык: 2021-2022 окуу жылы 9-класста жалпысынан 22-окуучу окуйт анын 10 кыз,13 эркек бала. Алардын 2 отличник, 3 ударник билим сапаты 27.2% түздү. Бир 3 бар окуучулар Макишова жана Эмилбеков адам жана коом сабагынан 3 чыкты. Бул боюнча мугалими Айдаркулова А. менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлду. Класс ынтымактуу. Окуучулар үй тапшырмасын аткарып келишпейт. Сабакка көңүл буруулары начар.**

**Сунуш:**

1. Ар бир предметтен предметтик мугалимдер чыгармачыл сабакты техкаражаттардын жардамы менен өтүү.

2. Жазуу иштерин сапаттуу алуу, сапаттуу текшерүү, грамматикалык жана орфографиялык каталарына өзгөчө көңүл буруу.

3. Жумасына адам жана коом предметинен кошумча иш алып баруу.


4. Класстагы таланттуу, жетишпеген окуучулар үчүн кошумча сабактарды өтүү.

**10 – класс**

**Кл.жетекчи: Кыдырмаева Д.М.**

10-класста 11 окуучу окуйт. Билим сапаты – 54.5 % түзөт

| № | Предметтер | 1 - чейрек | 2 - чейрек | 3 - чейрек | 4 - чейрек | Жылдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 63 | 63 | 63 | 63 | 63 |
| 2 | Кыргыз адабияты | 63 | 54 | 54 | 54 | 54 |
| 3 | Орус тили | 63 | 63 | 72 | 54,5 | 63,6 |
| 4 | Орус адабияты | 63 | 72 | 72 | 54 | 63 |
| 5 | Алгебра | 63 | 54 | 63 | 54 | 54 |
| 6 | Геометрия | 72 | 72 | 54 | 54 | 54 |
| 7 | Кыргыз. тарых | 72 | 63 | 81 | 63 | 63 |
| 8 | Адам жана коом | 63 | 63 | 63 | 63 | 63 |
| 9 | География | 72 | 72 | 72 | 72 | 63 |
| 10 | Биология | 72 | 72 | 72 | 63 | 72 |
| 11 | Химия | 63 | 72 | 72 | 63 | 72 |
| 12 | Физика | 63 | 54 | 54 | 54 | 54 |
| 13 | Англис тили | 54 | 54 | 63 | 45 | 54 |
| 14 | Дене тарбия | 100 | 90 | 90 | 90 | 90 |
| 15 | ДПМ | 100 | 90 | 90 | 90 | 90 |
|  | Жалпы билим сапаты | 65 | 67 | 69 | 62 | 64 |




**Жыйынтык:**

2021-2022-окуу жылында 10-класска 12 окуучу кабыл алынган. Алардын ичинен 5 кыз,7 эркек бала.Окуу жыл ичинде окуучуларыбыздын алдыга койгон негизги максаттарынын бири терең билим алуу,сабактарды толук өздөштүрүүгө аракеттенүү,окуу жылын ийгиликтүү аяктоо .10-класстын окуучулары **« Жакшы окуп, жакшы жүрүшүм, элиме кошкон үлүшүм»** деген ураан менен окуу жылын башташты.Алсак, **I чейректе** болуп өткөн коомдук иштерге активдүү катышып, **«Гүл», «Түшүм»** майрамында **1-орунга** ээ болушту. Чейректин жыйынтыгы боюнча билим сапаты **45.4%** түздү.Чейрек аягында окуучулардын саны 11 окууучу болду. Үй бүлөлүк шартка байланыштуу Акматов Дастан РФ га кетти. **II чейректе** сабакка болгон кызыгууну арттырып окушту.Бирок **«беш кол тең эмес»** дегендей сабакты себепсиз Сапарбаева Жазмина калтырып жатты. Чоң апасы менен тыгыз байланышта болуп, сүйлөшүп жаттык.Мектеп ичинде өткөн олимпиадага кыргыз тили боюнча Рамисова Салтанат катышып ийгиликке жетти. Бирок тилекке каршы райондук олимпиададан жыйынтык чыгара алган жок. Чейректин жыйынтыгы боюнча билим сапаты **54.5 %** түзүп, 11 окуучу аяктады.

Алдыга коюлган максаттарга жетишүү үчүн жалпы класс менен бирдикте класстык чогулуш жасап,класстагы өзүн-өзү башкаруу түзүмүн түзүп,бирдикте иш алып баруу тууралуу сүйлөшүлдү.Класстагы өзүн-өзү башкаруу түзүмүнө шайланган окуучулар өз милдеттерин аткара тургандыгын билдиришти.

Ошондой эле тазалык-бул адамдын жашоосундагы негизги касиеттердин бири экендиги баарыбызга маалым. Андыктан ар дайым таза жана тыкан жүрүү жана дагы кабинеттердин тазалыктарын таза кармап туруу да окуучулардын милдети экенин көрсөтүштү. Мектеп ичинде жүрүп жаткан мектеп парламентинин төрайымы: Усенбекова Арзыкан бирдиктүү иш алап барап турду.Жолдо жүрүүнүн эрежеси жана коопсуздук техникасы боюнча окуучуларга түшүнүк берилип турду. **3-чейректин** жыйынтыгы менен 54.5 % ээ болушту.

Окуу жылы ичинде окуучулардын аракеттери текке кеткен жок.Коомдук иштерге активдүү катышуу жана тазалык,тартип боюнча иш жүргүзүүдө көп аракеттерди жумшашты. **4-чейректин** жана жылдын жыйынтыгы боюнча билим сапаты 54.5% түзүп, 3 отличник,3 ударник болуп,окуу жылын ийгиликтүү аякташты.

Жалпысынан алганда класс ичиндеги окуучулар тарабынан тартип бузуулар болгон жок. Окуучуларыбыз сабак менен гана чектелип калбастан, мектептеги жана класстагы уюштурулган иш- чараларга активдүү катышып жатышты.

Мектепте өтүлүп жаткан англис тили, орус тили,техника жумалыгында активдүүлүгүн көрсөтүшүп, англис тилинен Усенбекова А. орус тилинен Зарлыкова Б. алгабрадан Рамисова С. грамота менен сыйланышты.Англис тили боюнча жумалыкта 10-класстын окуучулар өздөрүнүн өнөрлөрүн көрсөтүп беришти.

Албетте,класстын ата-энелер комитети да үзүрлүү эмгектерин жумшап келишти. Жылдын жыйынтыгы боюнча 10-класс жана класс жетекчиси Кыдырмаева Диана Маратоавна **«Көрктөндүрүү боюнча жылдын мыктысы »** наамы менен сыйланышты.

**11 – класс**

**Класс жетекчи: Шералиева В.Э.**

11-класста __16__окуучу окуйт. Билим сапаты - __37__ % түзөт

| **№** | **Предметтер** | **1 - чейрек** | **2 - чейрек** | **3 - чейрек** | **4 - чейрек** | **Жылдык** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 56% | 50% | 56% | 50% | 50% |
| 2 | Кыргыз адабияты | 68% | 62% | 68% | 62% | 62% |
| 3 | Орус тили | 68% | 68% | 68% | 68% | 68% |
| 4 | Орус адабияты | 68% | 62% | 68% | 62% | 62% |
| 5 | Алгебра | 56% | 43% | 56% | 43% | 43% |
| 6 | Геометрия | 50% | 68% | 50% | 68% | 68% |
| 7 | Дүйнө тарых | 56% | 62% | 56% | 62% | 62% |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 8 | Кыргыз. тарых | | | | | |
| 9 | Адам жана коом | 62% | 62% | 62% | 62% | 62% |
| 10 | География | 75% | 68% | 75% | 68% | 68% |
| 11 | Биология | 56% | 56% | 56% | 56% | 56% |
| 12 | Химия | 43% | 43% | 43% | 43% | 43% |
| 13 | Физика | 50% | 50% | 50% | 50% | 50% |
| 14 | Англис тили | 37% | 50% | 37% | 50% | 50% |
| 15 | Дене тарбия | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| 16 | Аскер. ч. даярдык | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| | Жалпы билим сапаты | 63% | 62% | 63% | 62% | 62% |




**Жыйынтык:**

Жыл башында 16 окуучу. Келген, кеткен окуучу болгон жок. 7 кыз бала, 9 эркек бала.
III-ч. 8 ударник болгон. Шабданбеков Жайнак англис тил сабагынан «4» болуп калган. IV-ч. Шабданбеков Жайнак бир сабактан англис тил «3»ошондуктан IV-ч. 7 ударник. Жапарбекова, Исаева, Макенбаева, Муратбекова, Кеңешова, Шейшенбекова Д, Шейшенбекова М. Салыштырмалуу Кеңешова А. эки, үч сабактан «3» болчу англис тил, тарых, математика. ОРТга өтүлгөн тест боюнча иштер жүргүзүлдү.
Чтение и понимание текста III- тест боюнча затруднение болушту.
Задание по диктанту мазмунун эске тутуу экени байкалды. Эки окуучу туура жооп беришти калгандары 2 упай

Кыргыз тили жана адабият сабагынан алдын ала экзамен эссе публицистика, проза, поэзия келди.
Ар бир критерияларга токтолуп, жыйынтыкташты. Мугалим көрсөтмө берди. Англис тилинен оңдомо, тест жүргүздү. Текст угуп түшүнүгүн айтып беришти. 11- кл ярмарка уюштуруп, түшкөн акчаларына « мугалимдер күнүнө» , « Балаты» майрамына оформленияга жумшашты, оюн уюштуруп белек тартуулашты.